**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

---

**Төрага:** **К.Кушбаков**

## ТОКТОМ

**9-октябрь 2025-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясынын № 2- токтому**

***Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү жөнүндө***

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 Жарлыгынын негизинде 2025-жылдын 22-23-декабрында өтүүчү IV Элдик курултайгаделегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү боюнча Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыз-Көл айыл аймагында жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйыны 2025-жылдын 1-ноябрында Чымчык-Жар айылындагы №89 П.Жуманазаров атындагы ЖББ орто мектебинин жыйындар залында саат 10-00дө өткөрүлсүн.

2. Айыл аймагынын айылдарынан өкүчүлүктүү жыйынга калктын санына жараша 100(жүз) адам деп бекитилсин.

3. Өкүлчүлүктүү жыйындар төмөндөгүдөй график боюнча айыл айылдарда өткөрүлсүн. (1-тиркеме тиркелет)
4. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча төмөндөгүдөй курамда жумушчу топ түзүлсүн. Жумушчу топтун төрагасы К.Кушбаков, катчысы К.Мурзакматов, мүчөлөрү Н.Абдурасулов, И.Тилекеев, Т.Исмаилов. (2-тиркеме тиркелет)
5. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.